№38
(1302)
28-октябрь
2015-жыл

# Көөнө жана көркөм шаар

*(Тарыхый экскурсия ордуна)*

*Эки эгиз, эки түгөй, эки пир,*
*Артык көрөм билбейм, кимден киминди?*
*Сулайман-Тоо созуп Оштун одасын,*
*Ак-Буура суу ырдап агат гимнди!*



## Рим менен курбалдаш калаа

Калк отурукташып, төбөсүнөн тиричилик түтүнүн булаткан эң алгачкы конуш катары жылын сүргөндө, Европа шаарларынын энеси эсептелген Римдин курбалдашы Ошту эзелтен эле ордолуу деп сый-урмат жана сыймык менен оозго алышканы бекеринен эмес. Ордо деп туруктуу аймак же мамлекеттин, бараандуу чөлкөмдүн административдик-экономикалык, социалдык-маданий жактан өрүш алган борбору айтылат. Түрдүү доорлордогу түрдүү тарыхый шарт-кырдаалдарга жараша, Ош Орто Азиядагы ошондой борборлордун бири.

## Узак жашаган уламыштарда

Узак жашагандын уламыштары да узун жана улам улана берээри да бышык. Ош шаарынын негизделүү датасын айтылуу Македондук Александрга, ал турсун Сулайман пайгамбарга жеткире байланыштырган уламыштар айтылат.

жээгинде басымдуу түрдө Сулайман-Тоодон Түндүк-Чыгыш жана Түштүк-Чыгышта жайгашкан деп болжоого гана мүмкүн. Ак-Бууранын оң жээгинен да 10-12-кылымдарга таандык археологиялык материалдар табылган. Оштун үч чоң :Суу, Тоо жана От дарбазасы(арка) болгондугу жазылып калган.Бири суу, экинчиси тоо, үчүнчүсү ошол маалдардагы отко сыйынуучулардын(зороастризм) ыйык храмы тарапка алып барган.

Архелог-окумуштуулардын жана тарыхчылардын пикирлери боюнча, мынчалык ири шаар 9-10-кылымдарга жетип эле курулап калуусу мүмкүн эмес. Демек, шаар ири шаар катары андан да мурдаарак, сыягы 6-8-кылымдарда эле калыптана баштаган деп болжоого негиз бар. Дар-



гон чоң мончо күбө өтөт. Анын 15 каанасынын калдыктары сакталып калган. Бул жайдан гидравликалык

согуштар жана анын кесепеттери менен тыгыз байланыштуу. Ош оболу моголдор, анан калмактардын жапырыктары жана талап-тоноолоруна кабылган. Акырында 1762-жылы Кокондун башкаруучусу Ирдана бий Ошту биротоло басып алууга жетишкен.

Кокон хандыгындагы башкаруучу төбөлдөрдүн ич ара каршылашуулары жана кошуна ээликтери менен жүргүзгөн согуштарынан бир канча ирет жапа чеккенине карабастан, Ош Фергана өрөөнүндөгү экономикалык-соода жагынан эле эмес, административдик да борбор катары

тарынын архитектуралык стили көп жылдар бою, дээрлик Октябрь революциясына чейинки мезгилде өзөзүнчө, өзгөрбөгөн калыбын сактап кала берген.

Кандай тармактан жана кайсыл өңүттөн алсак да, өнүгүүнүн салыштырмалуу жогорку чегине ордолуу Ош шаары СССР доорунда жеткени талашсыз. Ал доордо Ош Кыргызстандын текстилдик өнөр жай борборуна айланган. Оштун өнөр жай продукцияларын дээрлик бардык союздук республикалар жана 15 чет мамлекеттер алып турушкан. Союздук мааниге ээ ири завод-фабрикалар салынып, алардын айланасында жумушчулар үчүн курулган квар-

